УДК 398.22:17.035.3

# “МАНАС ” ЭПОСУНДАГЫ АЙРЫМ ЭТНОНИМДЕРДИН КЕЛИП ЧЫГЫШЫ

***Бариева Аида Жантаевна,*** улук окутуучу, Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин «Кыргыз тили жана адабияты» Кыргыз Республикасы, 720020,Бишкек ш. Малдыбаев көч.34Б., bariva.aida@mail.ru

***Жолдошбаева Кадыча Маматалиевна,*** улук окутуучу, Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин «Кыргыз тили жана адабияты» Кыргыз Республикасы, 720020,Бишкек ш. Малдыбаев көч.34Б.

**Аннотация:** Бул макалада “Манас” эпосундагы айрым этнонимдердин келип чыгыш маселелери каралды.”Манас “ эпосундагы кездештирген уруулар, уруу аттары,алардын келип чыгышы тууралуу кыскача маалымат берилди. “Манас” эпосу кыргыз элинин маданиятынын, тилинин түгөнбөс кенчи. Анда канчалаган көркөм сөз каражаттары камтылып жатат.Тил адам баласынын коомдук турмушунда эң чоң роль ойнойт. Мына ошондуктан тилдин ички сырын билүү маселелери адамдарды байыркы замандан тартып эле кызыктырган. Адамдар тилдин табиятын жана мыйзамдарын үйрөнүүгө багытталган байкоолорун миндеген жылдар жүргүзүп келишкен. Бул да болсо ошол көөнөрбөс байлыктын бир тамчысы.

**Өзөктүү сөздөр:** элдик чыгармачылык, макал-лакаптар, жомоктор, оозеки чыгармачылык, уруу, этноним, аалам.

## ВОЗНИКНОВЕНИЕ ОТДЕЛЬНЫХ ЭТНОНИМОВ В ЭПОСЕ “МАНАС”.

***Бариева Аида Жантаевна,*** ст. преподаватель, Кыргызский государственный университет строительства, транспорта и архитектуры им.Н.Исанова, кафедра «Кыргыз тили жана адабияты» Кыргызская Республика, 720020, г. Бишкек, ул. Малдыбаев.34Б., bariva.aida@mail.ru

***Жолдошбаева Кадыча Маматалиевна,*** ст. преподаватель, Кыргызский государственный университет строительства, транспорта и архитектуры им.Н.Исанова, кафедра «Кыргыз тили жана адабияты» Кыргызская Республика, 720020, г. Бишкек, ул. Малдыбаев.34Б.,

**Аннотация:** В данной статье расматриваются происхождение некоторых этнонимов в эпосе “Манас”. Даны краткие сведения о племенах, названиях племен и их происхождении в эпосе ”Манас”. Эпос «Манас» - неиссякаемое сокровище культуры и языка кыргызского народа. В нем много литературных выражений. Язык играет самую большую роль в повседневной жизни человека. И поэтому испокон веков людей привлекает изучение внутренних секретов языка. Люди тысячилетиями наблюдали за изучением природой и законами языка. И это является всего лишь каплей неиссякаемого богатства.

**Ключевые слова:** народное творчество, пословицы-поговорки, сказки, устное творчество, племя, этноним, вселенная.

## THE EMERGENCE OF INDIVIDUAL ETHNONYMS IN THE EPIC «MANAS»

***Barieva Aida Zhantaevna***, Senior Lecturer, Kyrgyz State University of Construction, Transport and Architecture named after N. Isanov, Department of Kyrgyz Language and Literature Kyrgyz Republic, 720020, Bishkek, st. Maldybaev. 34B., bariva.aida@mail.ru

***Zholdoshbaeva Kadycha Mamatalievna,*** Senior Lecturer, Kyrgyz State University of Construction, Transport and Architecture named after N. Isanov, Department of Kyrgyz Language and Literature Kyrgyz Republic, 720020, Bishkek, st. Maldybaev. 34B.

**Annotation:** This article examines the origin of some ethnonyms in the epic "Manas".Brief information about the tribes, the names of the tribes and their origin in the epic "Manas" is given. The epic "Manas" is an inexhaustible treasure of the culture and language of the Kyrgyz people. It has many literary expressions. And therefore, from time immemorial, people have been attracted by the study of the inner secrets of the language. For thousands of years, people have watched the study of nature and the laws of language.And this is just a drop of inexhaustible wealth.

**Key words:** folk art, proverbs sayings, fair tales, oral creativity, tribe, ethnonym, universe

Элибиздин өткөн кылымдарда кагаз бетине түшкөн илими исскуствосу болбогону менен, элдик чыгармачылык таланты өрчүй берген.Толгон макал – лакаптар, ар түрдүү лирикалык, какшык, санат ырлар, жөө жомоктор, поэтикалык узак жомоктор, толгон-толгон күүлөр музыкалык пьесалар, буюмдарга кылдаттык менен түшүрүлгөн нечен түрлүү оймо-саймалар жана исскуствонун башка формалары да элдин эчен кылымдан берки чыгармачылык тажрыйбасы болуп саналат.

Мына ошол ар кыл элдик чыгармалардын ичинен элге сүйкүмдүүлөрүнүн бири жана көрүнүктүүсү – "Манас"жомогу. Жүздөгөн жылдар бою кыргыздар үчүн бул эпос таалим алуучу роман китептин, таасирдүү сахнанын жана экрандын, өткөндү эске салуучу тарых китебинин милдетин аткарып келген.

"Манас" – эпосу өзүнчө бир аалам. Дүйнө элин таңыркаткан элдик турмуштук энциклопедия. Элибиздин кайталангыс тарыхы. Кыргыз элине гана тиешелүү өзүнчө бир тарыхый доор. Улуу тарыхы бар, тоо ташты мекендеп, кенедей эл болсо да, душманына тизе бүгүп багынбаган эр жүрөк азаматтарды тарбиялаган кыргыз элибиздин элдик баалуулуктарын, улуттук нарк - насилин оозеки түрдө сактап, муундан –муунга таберик кылып жеткирип, манасчылык деген улуу касиетти алып жүргөн залкарларды жараткан улуу эл –Кыргыз. Ал эми кыргыз рухунун туу чокусу –"Манас".

"Манас" эпосу тарых эмес, бирок кыргыз элинин тарыхына тыгыз байланыштуу экенин танбайбыз.Эпосто этнографиялык фактылар кеңири орун алган.Анда айтылган мал чарбачылыгы менен өмүр сүргөн көчмөн уруулар, алардын турмушу, аталышы жана өз ара мамилелериндеги кээ бир маселелердин келип чыгышынын баяндалышы менен эпостогу көп илимий изилдөөлөрдүн ачылышына өбөлгө түзө турган табылгыс материалдарга күбө болобуз. Ошолордун бири биз сөз кыла турган эпосто байма –бай кездешчү этноним сөздөр.

Этноним сөздөрдү иликтөөнүн мааниси чоң. Эпосто айтылган уруу, эл аттары тарыхта кандай болгон,башка элдердин турмушунда жолугабы деген өңдүү суроолорго кандайдыр бир деңгээлде жооп болчудай.

Этноним белгилүү бир жалпылыкты түзгөн адамдар тобунун мейли ал урук, уруу болобу, аймак болобу, же саясий бирикме болобу аларга энчиленип берилген аты деген аныктама берилсе да,анын тегерегиндеги маселелер терең чечилип бүтө элек. Этноним – энчилүү атпы же жалпы атпы деген суроо дагы талаш тартыш туудуруп келсе, этникалык атоо объектисин классификациялоо алиге чейин илимий принципке негизделип тартипке
салына электигинен улам этнонимдик атоо объектиси ар түрдүүчө белгиленип жүрөт.

" Манас" эпосундагы башкы этноним болуп «кыргыз» этноними эсептелет.Анткени эпос кыргыз элиники болуп,аны айткан манасчылардын өзүлөрү да кыргыз болгондуктан бул этноним, албетте, бардык башка этнонимдерден көп колдонулган. [1]

Тарыхый даректерге таянсак, "кыргыз" деген этнонимди К.И.Петров Сибирь аймактарынан Орто Азия тарапка ооп келген этноним деп эсептейт.Бул сөздүн келип чыгышын эки түрдүүчө чечмелейт. Биринчиден, "кыргыз" кыр деген сөздөн келип чыккан десе, экинчиден кырк деген сөздөн келип чыккан дейт.

Биринчиси боюнча "кыргызды" тоодогу же тоолук, тоолуктар деп түшүнүшкөн. Ал эми экинчиси боюнча"кыргызды" кырк деген сан атоочтон, башкача айтканда, "кырк жүз" деген сөздөн келип чыккан деп түшүнүшкөн.

" Кыргыз" этнониминин келип чыгышы тууралуу дагы бир, болгондо да өтө кызык көз караш бар. Д.Айтмуратов бул сөздү кара чач деген сөздөрдүн биригишинен келип чыккан деп эсептейт. (1)Ал кыргыз деген сөздүн ар башка элдерде ар башкача аталаарын мисал келтирет: кыргыз-кыргыс-кыркыз-кырхыс-киргиз-кергиз-кергис-керкис ж.б.

Биздин оюбузча, мындай ыкма, башкача айтканда бир элдин аталышын башка элдегидей аталыштар аркылуу талдоо ынанымдуу эмес. Кыргыз деген сөздүн келип чыгышы ал сөздүн кыргызча гана аталышынын айланасында иликтениш керек. Болбосо, кечээкиге чейин эле киргиз-киргизы-киргизские- Киргизия деп аталып келди го. Кыргыздар өзүлөрүн эч убакта минтип айткан эмес. Д.Айтмуратов кара чач деген создөргө байланыштырганын славян тилдериндеги чер деген сөздү түрк тилдериндеги "кер" деген уңгудан келип

чыкканына жана ” гыз” деген бөлүктүн(кыр+гыз) өзбекче “гису”, ал эми “гису” иран тилдериндеги “чач” деген маанидеги сөздөн келип чыкканына таяган.

Демек, ”кыргыз” тоодогулар да эмес, кара чачтуулар да эмес, кырк жүз, башкача айтканда кырк уруу эл деген маанилерден келип чыккан деп эсептейбиз.

“Манас” эпосундагы ири этнонимдердин дагы бири –найман. Эпосто наймандар дайыма той –тамаша окуялардын сүрөттөлүшүндө канатташ эл, бир элдин тутумундагы уруулардын бири катары сүрөттөлөт.

Алчын, үйшүн, найманды,
Абак, тарак, аргынды,
Айтайын тойго барууну (С.О,1,74-б)

Кыргызда салт боюнча өз туугандары гана аш тойлордо эл башкарып,же кызмат кылып иш аткарышат. ”Манас” эпосунда наймандар ошондой эле милдет аткарышат.

Жети жүз очок ойдурду,
Жетимиш уйлүү кыргызын
Эт башкартып койдурду.
Алты жүз, аргын найманды
Эт тартууга шайлады.(С.О.1,78-б)

Демек, наймандар өзүлөрү менен биргелешип, жанаша жашаган калк. Найман азыр да кыргыздардын тутумундагы чоң уруулардын бири. Ичкиликтер тобуна кирет. Кээ бир окумуштуулар байыркы түрк урууларынын бири, ягма деген этнонимди ушу найман деген сөз менен бирдей карашат. Мисалы жазуучу Орозбек Айтымбетов өзүнүн очерктеринде ошентип далилдейт. Биздин оюбузча мындай бүтүмдө негиз бардай.[2]

“ Манас” эпосунда өтө көп кездешкен этнонимдердин дагы бири кытай деген сөз. Кытайлар Манас баатырдын негизги душманы болгондуктанбы,айтор, кытай деген этноним абдан көп кезигет.

Мен кытайды жеке чаптымбы,
Кырктан бээ сойгудай
Сен кызматтан дүйнө таптыңбы? (С.О.1,41-б)
Же кытайдан черүү келгендей,
Кырамын кантип көп малды
Кыз,күйөөгө бергендей.(С.О,1,41-б)

Көрүнүп тургандай, кытай деген кытай деген этноним чаап алуу,басып алуу, кырып салуу маанидеги сөздөр менен жанаша келет. Айрым гана учурларда, мисалы Көкөтөйдүн ашында, кытайлар менен бейпилдикте убактынча жанаша болушканы айтылат.[3]

Кылкара тартуу бериңер,
Кырдырып ийбей кытайды
Кызматкылып көрүңөр (С.О.,3,143-б.)

Бирок, мында бул сөз душман каны Коңурбайдын речинде жолугат. Демек,баары бир кытай деген этноним ошо душман деген сөзгө синоним катары эле жолуккандай.

Чындыгында азыр кыргыз урууларынын ичинен да кытай деген этноним көп эле жолугат.Буга караганда “Манас” эпосундагы кытай деген урууну азыркы кездеги Кытай мамлекети эмес болуу керек деп ойлойбуз.Кытайлар өздөрүн ханзу, башка элдер болсо аларды чин, чина, шин,чайна, хина деп аташат. Бирок булардын баары тек гана божомол.Орус тилиндеги китай деген сөз да түрк тилдеринен өздөштүрүлгөн термин болуп эсептелет. Ошентип, кытай деген этноним атайын чечмеленип изилдөөнү талап кылат. Бул келечектин иши.

Эпостогу дагы бир этноним - Коңурат.

Аркасы тийген Найман бар
Коңшулаш жүргөн Коңурат
Үйүрдөш жүргөн үйшүн бар.(С.О.1,145-б).[1]

Коңурат – кыргыз урууларынын оң канатына кирет. Тайгай балдарынан тараган бутагы. Коңурат уруусу-адепки убакыттарда Тянь-Шандын айланасында жашаган огуз тайпасынын

бир бөлүгү болгон.(Мухтар тарых кавми түрк 1-т,44-б)Хансуча байыркы маалыматтарга караганда огуздар адепки убакыттарда Комулдун батыш, Кара шаардын түндүк тараптары, Бугда тоосунун Тянь-Шань тоосунун деген сөз. Адегенде “Бугда” деген сөздүн келген мааниси “теңир” деген сөз.Жаңы эранын 6-7-кылымдарында огуздардын бир бөлүгү Тянь-Шандын батыш тараптары, Талас өзөнүнүн бойлору жана Ысык –Көлдүн жээктерине көчүп барган. Балким бул көчүп баргандар огуздардын”коңурат” уруулары болсо керек.Кийинки замандарда “коңурат” уруусу кыргыздардын чоң уруусу катары эсептелген.[7]

Коңурат түрк тилдүү башка элдердин да тутумунда бар. Коңурат, коңгурат, комрат деген формаларда өзбек,каракалпак,көкогуз(гагауз), түркмөн элдеринин тутумунан жолугат. Уңгусу “коң”, “ком” же”кон” деген болсо керек деп божомол кылабыз.Кыргыздарда бул уңгү адам аттарынан да жолугат: Коңурбай, Коңур, Коңкобай. “Манас” эпосунда да Манастын душманы – Коңурбай.

Кыпчактардан Таз чечен,
Нойгуттардан Акбалта.
Ногойлордон Эр Эштек (С.О.,1-т,44-б)[5]

Кыпчак - кыргыз урууларынын ичкилик тобуна кирет. Кызыл уулдан тараган бир уруусу.

Кыргыз урууларынын чоң бир бөлүгүн ээлеген кыпчактар болсо, байыркы хансуча тарыхый маалыматтарда Орто Азиянын чыгыш түндүгүндөгү канкылардын району менен этил (Волга) өзөнүнүн аралыгында жашаган деп жазылган.Түрк тилиндеги маалыматтарда болсо кыпчактар Индикуш тоолорунан баштап Афганистан райондору(Каспий деңизинин айланасы) сыяктуу жерлерде,мындайча айтканда, азыркы Индикуш, Памир тоолору, Орто Азиянын борбору жана чыгыш түндүк батыш түндүк райондору, Тянь-Шань тоолорунун батыш бөлүгүндө жашагандыгы жазылган.Алар байыркы замандарда “негизинен мал чарбачылык турмуш менен алектенип, алар жашаган журттарда шаарлар да болгон”. [3]

Түрк тилиндеги тарыхый маалыматтарга караганда кыпчактардын келип чыгышы жөнүндө өтө кызык аңыздар бар.Абулгазы Баатыр хандын Иран тарыхчысы Рашидиддин тарабынан жазылган “Жамшуттоварк” деген китепке таянып берген маалыматтарына караганда түрк тайпаларынын эң алгачкы каганы Огуз хан кайсы бир замандарда кытайдын аркы жагындагы деңиздин бойлорунда жашаган Итбурак хан дегендин элине чабуул жасаган. Бул урушта Итбурак хан жеңишке жетишип, Огуз хан качкан. Ошол доордогу падышалардын салты боюнча ыраак сапарга чыкканда өзү жана жакын бектеринин үй – бүлөсүн бирге алып жүрүүчү.Мына ошондогу согушта Огуз хандын бир беги да оз үй – бүлөсүн бирге алып чыккан экен. Тилекке каршы согушта ал бек каза болот.Аскерлери да кырылат.Бектин аялы качып кутулуп, ошол эки суунун аралыгындагы Огуз ханга жетип, кутулган. Ал алдын боюнда бар болгон.Ошол учурда толготуп, аба - ырайы суук болгондуктан бир чириген жыгачтын ичине кирип уул төрөгөн. Хан бул кабарды угуп, баланын атасы жок, тарбиялап, багып алаары жок деп өзү асырап алып, атын Кыпчак койгон экен. Байыркы түрк тилинде “кыпча” деген кууш жыгач болгон. Ошол себептүү кыпчада төрөлүп “Кыпчак” аталган Кыпчак 300 жыл падыша болгон дешет. Азыркы кыпчак уруулары ошол падышадан таралган деген аңыз кеп бар.[4]

Жогорку маалыматтарга караганда кыпчактар Тянь-Шандын тегеректерине жана Орто Азия аймактарына баргандан кийин алардын бир бөлүгү кыргыздарга сиңип кеткен. Кийинки замандарда болсо кыргыздар алардын көп бөлүгүн өзүнө ассимиляция кылган. Кыпчак уруулары бүгүнкү күндө кыргыз урууларынын эң чоң урууларынын бири.Кыргыздардын санжырасында болсо кыпчактар “ичкилик” урууларынын бири катарында оозго алынат.

Кыпчактардан Тазы бар,
Кыргыздардан Байжигит.
Нойгуттардан Акбалта,
Ногойдун Чагоо кары бар,
Ошо топтун ичинде,
Ата уулунун баары бар.(С.О.,2-т.,14-б.)

Демек, “ Манас” эпосунда мындай эл аттары, уруу аттары, урук аттары, айрым ырым-

салт атоолору өтө арбын. Айрыкча мындай сөздөрдү улуу манасчы Сагымбай Орозбак уулунун айтымында жарык көргөн “Манаста” көп кездештиребиз.

Биз бул жерде “Манас”эпосу жөнүндө окумуштуулардын ой пикирлерин салыштыруунун натыйжасында “ Манас” эпосундагы айрым гана этнонимдик сөздөрдүн маани маңызын чечмелөөгө аракеттендик.[6]
Келечекте бул темага дагы кайрылып,кызыктуу маалыматтарга күбө болобуз деп ишенем.

## Колдонулган адабияттар

1. “Манас” эпосу С.Орозбаковдун варианты боюнча. I,II,III - том. – Бишкек, “Кыргызстан”, 1978. – 568 б.;
2. С.Мусаев. Кыргыз этнонимдери. Кыргыз тилинин тарыхый лексикасынын очерктери.Бишкек- 1991
3. Кеңеш Жусупов Кыргыздар 1-2-китеп.Бишкек-1992.
4. Б.Орузбаева.О собственных именах в эпосе “Манас”.Ономастика Средней Азии.Фрунзе-1980.
5. И. Молдобаев.Отражение этнических связей киргизов в эпосе “Манас”.Фрунзе-1985.
6. Фнвар Байтур.Кыргыз тарыхынын лекциялары1-2-китеп.Бишкек-1992.
7. Ажыбаева Н.Э. Жайыл баатыр-великая личность XV111 века / Н.Э.Ажыбаева // Известия Кыргызского государственного технического университета им. И.Раззакова. №3 (51). 2019. С. 213-217